УДК – 82-3 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.539**

Т. КАСЫМБЕКОВДУН “СЫНГАН КЫЛЫЧ” РОМАНЫНДАГЫ МАКАЛДАРДА ТЕРС МААНИЛЕРДИН КӨРКӨМ ТУЮНДУРУЛУШУ

Токтосунова Айдың Мамасадыковна
А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети, Кыргыз-Россия факультети, кыргыз тили жана адабияты кафедрасы, филология илимдеринин кандидаты. aidyn.toktosunova@mail.ru

СЕМАНТИКА НЕГАТИВНОСТИ ПОСЛОВИЦ В РОМАНЕ ТӨЛӨГӨНА КАСЫМБЕКОВА «СЛОМАННЫЙ МЕЧ»

Токтосунова Айдың Мамасадыковна
Ошский государственный педагогический университет имени А.Мырсабекова, Кыргызско-Российский факультет, кафедра кыргызский язык и литература, кандидат филологических наук. aidyn.toktosunova@mail.ru

THE REPRESENTATION OF NEGATIVE MEANINGS IN PROVERBS IN THE NOVEL «SYNGAN KYLYCH»

Toktosunova Aidyn Mamasadykovna
Osh State Pedagogical University named after A.Myrsabekov, Kyrgyz-Russian Faculty, Department of Kyrgyz Language and Luterature, Candidate of Philological Sciences.
aidyn.toktosunova@mail.ru

Аннотация

Макалада макал- лакаптар элдик оозеки чыгармачылыктын маанилүү формасы катары каралып, алардын ичиндеги негативдүү маанилердин филологиялык өзгөчөлүктөрү талданат. Макалдар аркылуу элдин тарыхый тажрыйбасы, социалдык көз карашы жана моралдык-этикалык баалуулуктары кыска жана нуска формада берилери белгиленет. Айрыкча негативдүү маанилер коомдогу терс көрүнүштөрдү сындоо, эскертүү жана тарбиялык таасир берүү функциясын аткарары көрсөтүлөт. Макалада негативдүү маанилердин баалоочулук, экспрессивдүүлүк мүнөзү, ошондой эле аларды туюндурууда колдонулган көркөм-тилдик каражаттар (контраст, каршылаш коюу, метафора, салыштыруу) талдоого алынат. Негативдүү маанилердин жалпылоочу мүнөзү да өзгөчө белгиленет.

Ачкыч сөздөр: *макал-лакаптар, элдик оозеки чыгармачылык, негативдүү маанилер, баалоочулук, экспрессивдүүлүк, көркөм-тилдик каражаттар, метафора, контраст, салыштыруу, тарбиялык функция*

Аннотация

В данной статье пословицы и поговорки рассматриваются как важная форма устного народного творчества, анализируются их филологические особенности, связанные с выражением негативных значений. Отмечается, что в пословицах в краткой и лаконичной форме отражаются исторический опыт народа, его социальные взгляды и морально-этические нормы. Особое внимание уделяется функциям негативных значений, направленных на критику общественных пороков, предупреждение и воспитательное воздействие. Рассматриваются оценочность и экспрессивность пословиц и поговорок с негативным значением, а также средства художественной выразительности (контраст, противопоставление, метафора, сравнение). Подчеркивается обобщающий характер негативных значений, выраженных в пословицах и поговорках.

Ключевые слова: *пословицы и поговорки, устное народное творчество, негативные значения, оценочность, экспрессивность, средства художественной выразительности, метафора, контраст, сравнение, воспитательная функция*

Annotation

This article examines proverbs and sayings as an important form of oral folk art and analyzes the philological features of negative meanings expressed in them. It is noted that proverbs concisely reflect the historical experience of the people, their social views, and moral and ethical norms. Particular attention is paid to the functions of negative meanings, which serve to criticize social shortcomings, provide warnings, and exert an educational influence. The study highlights the evaluative and expressive nature of negative meanings, as well as the linguistic and stylistic devices used to convey them (contrast, opposition, metaphor, comparison). The generalizing nature of negative meanings is also emphasized.

Keywords: *proverbs and sayings, oral folk art, negative meanings, evaluation, expressiveness, stylistic devices, metaphor, contrast, comparison, educational function*

Макал-лакаптар элдик оозеки чыгармачылыктын эң бай жана көркөм формаларынын бири болуп саналат. Алар элдин тарыхый тажрыйбасын, социалдык көз карашын, моралдык-этикалык нормаларын жалпылап, кыска жана нуска формада туюндурат. Айрыкча макалдарда негативдүү маанилерди берүү өзгөчө орунду ээлейт, анткени алар коомдогу терс көрүнүштөрдү сындоо, эскертүү, тыюу салуу жана тарбиялык таасир көрсөтүү функциясын аткарат.

Филологиялык аспектиде караганда, макалдардагы негативдүү маанилер баалоочулук жана экспрессивдүүлүк мүнөзгө ээ. Терс маани көбүнчө адамдын кемчиликтерин, моралдык алсыздыгын, коомго каршы аракеттерин, турмуштук ийгиликсиздиктерди жана социалдык адилетсиздикти чагылдырууга багытталат. Макалдарда негативдүү маанилерди туюндурууда контраст, каршылаш коюу, метафора, салыштыруу сыяктуу көркөм-тилдик каражаттар кеңири колдонулат. Негативдүү маанилердин дагы бир маанилүү өзгөчөлүгү – алардын жалпылоочу мүнөзү. Макалдар конкреттүү адамды эмес, жалпы типтик көрүнүштү сүрөттөйт. *«Ооматы кеткенде өз токоюнда жүрүп жолборс да ачка өлөт»* сыяктуу макалдарда бактысыздык, ийгиликтин кетиши адамды алсыз абалга түшүрөрү терс философиялык ой катары берилет. Бул макал коомдук турмуштагы туруксуздукту жана адам тагдырынын көз карандылыгын негативдүү мааниде чагылдырат.

Ошондой эле макалдарда негативдүү маанилер эскертүү жана тарбиялоо функциясын аткарат. Терс көрүнүштөрдү айыптоо аркылуу коом мүчөлөрүн туура жүрүм-турумга чакырат. Мындай макалдар адеп-ахлактык нормаларды бекемдөөгө, жаман сапаттардан алыс болууга үндөйт. Демек, негативдүү маани макалдарда жөн гана терс эмоцияны эмес, социалдык-моралык баалуулуктарды бекемдөөчү каражат катары кызмат кылат.

Макалдардагы негативдүү маанилер филологиялык жактан семантикалык, стилистикалык жана прагматикалык функцияларды аткарат. Алар элдин дүйнөтаанымын, турмуштук философиясын, коомдук сынчыл позициясын туюндуруп, көркөм жана экспрессивдүү формада окурманга таасир этет. Ошондуктан макалдардын негативдүү маанилерди берүү функциясы тил илиминде маанилүү изилдөө объектиси болуп саналат. “Сынган кылыч” романында автор тарабынан колдонулган макал-лакаптар жөн гана көркөм кооздоо каражаты эмес, алар белгилүү бир идеяны көздөп, ошол доордун турмушун, бийлик түзүмүн, коомдогу теңсиздикти терең жана таамай чагылдыруу максатында пайдаланылган. Макалдар каармандардын сөзүндө табигый түрдө берилип, элдин дүйнө таанымын, моралдык принциптерин, турмуштук тажрыйбасын көрсөтүү менен бирге, ар бир ойду мазмундук жактан байытып, ойду кыска, так жана таасирдүү жеткирүүгө кызмат кылат. Ошондой эле алар аркылуу автор коомдогу адилетсиздикти, бийлик өкүлдөрү менен карапайым элдин ортосундагы ажырымды, бийликтин кысымын кыйыр түрдө сынга алып, окурманды терең ой жүгүртүүгө үндөйт. Макалдардын колдонулушу чыгарманын тарыхый доорун жандуу чагылдырып, улуттук колоритти күчөтүп, көркөмдүк баалуулугун арттырат.

Макалдар доордун социалдык трагедиясын ачууга, каармандардын моралдык-психологиялык абалын мүнөздөөгө, элдик философия аркылуу зомбулукту жана адилетсиздикти айыптоого, автордун сынчыл көз карашын тереңдетүүгө кызмат кылат. Демек, макалдар романда жөн гана тилдик бирдик катары эмес, көркөм-идеялык жүктү көтөргөн маанилүү стилистикалык каражат болуп саналат.

Мисалы:

“ – Түзүк. Тирүүңдө үйүң кең болсун, өлгөндө гөрүң кең болсун. Кең болуптур” [Касымбеков, 93]. Бул макал кыргыз элинин жашоого, өлүмгө, адамдык наркка болгон көз карашын жыйнактап берген акыл-насааттын, аң-сезимдин тыянагы. Ал адамга тирүүлүктө жакшы жашоо**,** абийири менен өлүү, артында жакшы сөздүн, жакшы ойдун айтылышы сыяктуу маанини туюндуруп турат. Өлгөндөн кийин арты таза, абийири кенен болсун деген каалоону билдирет. Макал параллелдүү конструкциядан туруп, шарттык-убакыттык формалар аркылуу (*тирүүңдө – өлгөндө*) жашоо циклин толук камтып, императивдик эмес, каалоо-баталык интонацияда берилген. Бул синтаксистик параллелизм ойдун таасирин күчөтүп турат. Кыргыз маданиятында, аң-сезиминде, дүйнө таанымында *үй*- адамдын ички дүйнөсүнүн метафорасы, коом менен байланыштын белгиси. “Үйүң кең болсун” деген каалоо ниетинде айтылган сүйлөмдө жашоодо көңүлүң ачык, ниетиң таза, гумандуу, ыймандуу, адамдарга жакын бол деген этикалык чакырык жашайт. Ал эми г*өр* деген түшүнүк — өлүм символу гана эмес, моралдык баанын акыркы чекити**.** Гөргө баргандан кийин сен жоксуң. “Гөрүң кең болсун” - сенин артыңда элден жакшы сөз калсын, артта калгандар сени сыйлап эскерсин деген философиялык ой жашайт. Бул жерде өлүм коркунуч эмес, жашоонун логикалык уландысы катары берилет. Макалдын семантикалык маанисинде жашоо менен өлүм карама-каршы коюлбайт**,** тескерисинче, бир бүтүн процесс катары каралат. Адам тирүү кезде кандай болсо, өлгөндөн кийин да ошол сапаты менен бааланат деген түшүнүк турат. Бул — этикалык детерминизмдин элдик формасы. Макалдагы негизги идея байлык же мансап эмес, негизги баалуулук - берешендик, адамгерчилик, абийир, коом менен болгон алака-катыш, гармония. Демек, кеңдик — материалдык эмес, руханий баалуулук катары берилет.

Бул макалда өлүм менен коркутуу жок. Тескерисинче адамды өзүн-өзү тарбиялоого, жашоосун аңдап жашоого чакырат. Макалда адамдын өмүрүнүн сапаты өлчөнө турган руханий формула жашайт.

Мисалы:

Шер датка башын ийкегилеп отурду. “Жакшыдан бөөн, а жамандан жахан деген ушубу? Жаңгер Алым-хандан тиги дувана, а Асан мылжыктан бу?” – деген ойго кетип турду. [63]

Берилген көркөм тексттеги “Жакшыдан бөөн, жамандан жаан” деген макал Исхакка тиешелүү болуп айтылган. Макал адамдын ички сапаты менен анын коомго тийгизген таасиринин өз ара байланышын көркөм-тилдик каражаттар аркылуу ачып берет. «Жакшы» жана «жаман» түшүнүктөрүнүн оппозициясы аркылуу жамандын коомго пайдасыздыгы, ал тургай зыяндуулугу баса белгиленет. Бул жерде негативдүү маани түз айтылбастан, салыштыруу аркылуу терең философиялык мазмунга ээ болот.

Макалдын семантикалык өзөгү баалоочу-маанилик карама-каршылыкка негизделет. Андагы *жакшы* жана *жаман* лексемалары моралдык-этикалык категорияларды туюнтуп, адамдын жүрүм-турумун жана коомдогу ордун аныктоочу универсалдуу белгилер катары кызмат кылат. *Жаан* жана *бөөн* сөздөрү түз мааниде табияттык жана турмуштук түшүнүктөрдү билдиргени менен, макал контекстинде кыйыр мааниде колдонулуп, абстракттуу түшүнүктөрдү конкреттүү образдар аркылуу туюнтат. Натыйжада жакшы адамдан береке, пайда, жаратман күч келип чыгаары, ал эми жаман адамдан коомго жүк, зыян жана тоскоолдук жаралары семантикалык жактан жалпыланат. Антонимдик катышта (*жакшы – жаман*) колдонулушу ойдун карама-каршылык негизинде уюшулушун камсыз кылып, макалдын экспрессивдүүлүгүн күчөтөт. Ошол эле учурда *жаан* жана *бөөн* сөздөрү улуттук маданий тажрыйбага таянган символдук маанини камтыйт. Мылжык Асандан Исхак сыяктуу элдин керегине жарай турган, элдин эркиндиги үчүн күрөшө турган адамдын туулушу жөнүндө Шер датка ой жүгүртүп жатат. Жакшыдан жакшы дайыма эле туулбайт, жакшы адамдын балдары

жаман болуп калышы толук ыктымал, ал эми тескерисинче, жамандан жакшы уул туулушу мүмкүн экендиги Исхактын мүнөзүн ачууда автор тарабынан ыктуу колдонулган.

Көркөм тилдик каражаттар жана тилдик бирдиктер сыяктуу эле терс эмоцияны билдирген тилдик бирдик жана каражаттардын да көркөм чыгармада орду зор. Аларсыз каармандардын чыныгы адамдык сапаттары чындыктагыдай ачык, так-таамай ачылбайт [Кошматова, Наука и новые технологии № 3, 333]. Романда терс эмоцияны, коркунучту жана ишенимдин бузулушун жараткан макалдар аркылуу автор адамдык мамилени ачып берет: кээде жакын адамдан чыккан оор сөз алыстагы душмандын соккусунан да катуу тиерин эскертет. Мындай макалдар каармандардын ички дүйнөсүндөгү жаракатты, көңүл калууну, ишенимдин урашын тереңдетип көрсөтүү менен бирге, окурманды этият болууга, сөздүн жоопкерчилигин түшүнүүгө жана адамдык мамиледе ишенимди сактоонун маанилүүлүгүн аңдоого чакырат. Мисалы:

- *Баатырым... – деди Ак эрке болукшуй. – Сенин көңүлүң- менин көңүлүм... – Көзүнөн жаш кылайып кетти. – Мейли, кырк жылы бала деп, зар кагып, көп көз жашыбыз агып, балапан башыбыз куурап бараткан жокпу, садагам баатырым?! Мына, баланын козу отурат. “Үйүрүн тааныбаган ат болбос, элин тааныбаган эр болбос” деген сөз бар го! “Асыранды баланы абысын чыгарат” деген сөз бар го! Буга не дейбиз, садагам баатырым?.. Эртеге бир бейбаш туганың “Тентиген кул!” десе баландын жүрөгү өрттөнбөйбү?! Эртең күнү батча абысыным “Куру тулупка мөөрөгөн байкуш!” десе, садагам баатырым, мен өлбөймүнбү?! Мында не кылабыз, садагам баатырым?. .[Касымбеков, 33]*

Тексттеги терс эмоцияны туюндуруучу макал катары “Асыранды баланы абысын чыгарат” деген макалды мисалга алып талдоо жүргүзө турган болсок, асыранды деген сөздүн мааниси биологиялык жактан өзүнүн баласы эмес, бакма баланы туюндурат. Үй бүлөдөгү жашыруун сырлардын алыскы адамдар аркылуу эмес, жанында жүргөн адамдар тарабынан айкын боло тургандыгы маалымдалат. Абысын деген ошол үй бүлө менен катышып, бардык жакшылыкта, жамандыкта бир боло турган адамдын фигурасы, бир туугандын аялы, үйдүн бүлөсү. Элдик аң-сезимде абысын — үй-бүлөнүн эң жакын мүчөлөрүнүн бири болгону менен, ошол эле учурда ички атаандаштыкты, көрө албастыкты жана сөз аркылуу зомбулукту жаратуучу фигура катары да кабыл алынат.

Дал ушул себептен асыранды баланын тагдыры сырткы душмандын эмес, ички чөйрөдөгү адамдын сөзү аркылуу чечилип калышы мүмкүн деген ой берилет. “Чыгарат” деген этиш баланын биологиялык теги тууралуу маалыматтын билинбей жүрүп, бир учурда ачыкка чыгып кетишин, анын коомдук статусунун өзгөрүшүн жана психологиялык травмага кабылуусун шарттайт. Бул процесс кокустук эмес, үй-бүлө ичиндеги мамилелердин бузулушунун натыйжасы катары түшүндүрүлөт.

Демек, «Асыранды баланы абысын чыгарат» деген макал текстте терс эмоцияны туюндурган каражат катары кызмат кылып, үй-бүлө институтунун ичиндеги жашыруун конфликттерди, ишенимдин морттугун ачып берет.

Мисалы:

Сынбасты уста жаратпаптыр, өлбөстү кудай жаратпаптыр. [Касымбеков, 177] Берилген макалдын маанисинде өкүнүү, макул болбоо сыяктуу маанилер жатат. Макал эки бөлүктөн турган параллелдүү синтаксистик түзүлүшкө ээ.

Семантикалык жактан бири-бирин толуктайт жана ритм жана интонация аркылуу таасирдүүлүктү күчөтөт. Этиш терс формасы –ба, -ыптыр (өткөн чакты уюштуруучу мүчө) сүйлөөчүнүн жеке пикири эмес, жалпыга таанылган чындык экенин көрсөтөт. Уста — конкреттүү адам, Кудай — эң жогорку күч.

Экөөнүн тең «жаратпаптыр» деп чектелиши аркылуу дүйнөдөгү бардык нерсенин чеги бар экенин образдуу түрдө көрсөтөт. Бул макал күчтүү аффективдүү эмоция эмес, басаң, терең эмоцияны туюнтат. Нүзүптүн өлүм алдында өлүмдү кабыл алуусу, ага карата болгон ой жүгүртүүсүн автор жогорудагы макал аркылуу оюн бекемдеп берет. Демек, автор макалды колдонуу менен жеке тагдырды жалпы адамзаттык мыйзамга айлантат.

Бул ыкма окурмандын эмоциясын жумшартат, өлүмдү индивидуалдык трагедиядан философиялык феноменге көтөрөт. Нүзүптүн “мен өлүүгө даярмын” деген сөзү жок, бирок макал аркылуу автор анын даярдыгын баяндайт. Автор муну менен Нүзүпкө кыйыр психологиялык мүнөздөмө берген. Демек, көркөм тексте колдонулган макал-лакаптар ошол элдин улуттук аң-сезимин, көп кылымдык турмуштук тажрыйбасын, коллективдик эс тутумун жана дүйнө таанымын чагылдыруучу эң маанилүү көркөм-стилистикалык каражат болуп эсептелет. Макал-лакаптарда элдин жашоого болгон философиялык көз карашы, адеп-ахлактык нормалары, коомдук мамилелерге берген баасы кыска, бирок маңыздуу формада топтолгон. Көркөм чыгармада макалдар жөн гана кооздук үчүн эмес, маанини тереңдетүүчү, автордук идеяны бекемдөөчү, каармандын ички дүйнөсүн ачып берүүчү функционалдык бирдик катары кызмат кылат. Алар аркылуу автор жеке каармандын тагдырын жалпы элдик тажрыйба менен байланыштырууга, индивидуалдык окуяны универсалдуу мыйзам ченемге айландырууга жетишет. Мындай учурда макал-лакап каармандын үнү, же болбосо автордук философиянын жыйынтык формуласы катары иштейт. Ошону менен бирге, көркөм тексте эмоциялык-баалоочу функцияны аткарып, окурмандын кабыл алуусуна түздөн-түз таасир этет. Айрыкча кайгы, өкүнүү, сабыр, тагдырды кабыл алуу сыяктуу абалдар макал-лакаптар аркылуу курч, бирок ашыкча пафоссуз берилет. Бул алардын элдик мүнөзүнө, көп жолу сыналган турмуштук акыйкатты камтыгандыгына байланыштуу.

Демек, макал-лакаптарды көркөм тексте колдонуу — бул автор менен элдик аң-сезимдин диалогу, улуттук маданий кодду сактоонун жана муундан муунга өткөрүүнүн тилдик механизми болуп саналат.

Колдонулган адабияттар:

1. *Касымбеков Т. Сынган кылыч. 1-2-китеп. Б.2019*
2. Кошматова Ж.Ж. “Сынган кылыч” романында терс эмоциянын берилиши. Наука и новые технологии, № 3.
3. *Көчөрова Г. Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” романындагы фразеологизмдердин стилистикалык коннотациясы. Б.2017.*
4. *Култаева У.Б. Кыргыз тарыхый романы: типологиясы жана жанрдык өзгөчөлүгү. Докт.дисс. Б.2011*
5. Мамытов, Ж. Көркөм чыгарманын тили [Текст] / Ж. Мамытов. – Фрунзе: Мектеп, 1990. – 120 б.
6. Маразыков, Т. С. Көркөм текст: иликтөө жана окутуу маселелери [Текст] / Т. С. Маразыков. – Бишкек: 2020.
7. Надырбаева К. “Сынган кылыч” романында Аксы говорунун коннотацияциялык өзгөчөлүктөрү. Өзбекстан илимдер академиясы. Каракалпакстан бөлүмүнүн Кабарчысы. 2024. 1/3. 149-153-б.